КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын II-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-апрели № 15 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2024-жылга карата иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, иш пландарды бекитүү тууралуу депутаттар талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн жылдык иш пландары № 1, № 2, № 3, № 4, №5 тиркемелерге ылайык бекитилсин (тиркемелер тиркелет).

2. Кабыл алынган жергиликтүү кеңештин иш планы боюнча өз ишмердүүлүгүн алып баруу жагы кеңештин туруктуу комиссияларынын төрагаларына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага:** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 4 нуска

**Тиркеме №1**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин "18" апрель 2024-жылдын №15 токтому менен бекитилди.**

## Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 2024 –жылдын иш планы

| **№ п/п** | **Айылдык кеңештин сессиясында каралчу маселенин аталышы** | **Сессия өтчү күн** | **Каралчу маселелер тууралуу кыскача маалымат** | **Жоопту адам, аткаруучу (адис, мекеменин, уюмдун жетекчиси)** | **Бул маселе боюнча жоопту айылдык кеңештин туруктуу комиссиясы** | **Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңеш кабыл алган чечим (тескеме, токтом);** | **Жарандардын ЖӨБгө катышуусунун формасы** («ЖӨБ жөнүндө» КР Мыйзамынын 7-беренеси) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 2024 жылдын 1 июнуна карата айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын талкулоо менен кайра карап чыгуу, артыкчылык багыттарын аныктоо | май | Айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасы менен таанышуу, талкулоо | А/Ө башчысы, жана башка кызыктар тараптар. | Тиешелүү көйгөйлөр боюнча иш чаранын аткарылышыны көзөмөлдөө, зарыл сунуштарды киргизүү | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жана жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин талкулоо. | июнь | Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын маалыматын угуу. АЖМФ жерлерин колдонуу үчүн ижара төлөмүнүн суммасынан жерлерди жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткарууга багыттоо. | А/Ө, туруктуу комиссия | Тиешелүү көйгөйлөр боюнча иш чаранын аткарылышын көзөмөлдө, зарыл сунуштарды киргизүү | | |
| 3. | Калктуу конуштарды ичүүчү жана сугат суу менен камсыз болууну (ирригация системасынын, тазалоочу курулмалардын иши | июнь | Элди ичүүчү жана сугат суу менен камсыз кылуу маселелери боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысы (же А/Ө башчысынын орун басары), туруктуу комиссиялар | А/Ө, СПА, Таза суу муниципалдык ишканасы | Тиешелүү көйгөйлөр боюнча иш чаранын аткарылышыны көзөмөлдөө, зарыл сунуштарды киргизүү,маселе боюнча корутундулар | | |
| 5. | Күзгү оруп жыюууга даярдыктын жүрүшү | август | А/Ө, техсервис, “Тамга” дыйкан чарба кооперативинин, “Тосор-Муратчан” кооперативинин маалыматтарын угуу, көйгөйлөр боюнча иш чараларды бекитүү | А/Ө башчысы | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | | Жарандардын, БӨУнун, коомдук уюмдардын, бизнес коомчулугунун катышуусу |
| 6. | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу | август | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу боюнча А/Ө даярдаган иш-чаралардын планын карап чыгуу жана бекитүү. | А/Ө башчысы | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП) эсепке алуу менен 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун алдын-ала карап чыгуу жана макулдашуу. Бюджет боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды карап чыгуу | август | Коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин долбоорун төмөнкүлөрдөн угуу:<br>- АӨ башчысынан (АӨ ФЭБ башчысы),<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасынан,<br>- башка кызыктар адамдардан<br>Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы), жергиликтүү жамааттын сунуштары менен пикирлерин эсепке алып, жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча пикирлерин жана сунуштарын берет.<br>Маселени кароонун жыйынтыгы боюнча бюджеттин долбоорун жактырат же толук иштеп чыгууга жөнөтөт. | А/Ө башчысы, ФЭБ башчысы | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, А/К сессияларына катышуусу. |
| 8. | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу | сентябрь | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу<br>Барскоон айыфл аймагынын Тазалык МИ жетекчиси, жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусу. | А/Ө башчысы (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы, Барскоон Тазалык МИ жетекчиси айыл башчылары. | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга жергиликтүү кеңештин сессияларына катышуусу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9. | Коомдук тартипти сактоонун абалы. Коомдук уюмдардын отчетун угуу | сентябрь | Коомдук тартипти коргоо жана мыйзам бузууларды болтурбоо маселелери боюнча 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>- А/Ө башчысын (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы),<br>- Ички иштер бөлүмүнүн өкүлүн (участкалык милициянын- макулдашуу боюнча),<br>- аксакалдар сотунун төрагаларын | А/Ө башчысы (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы) ИИБ жетекчиси (участкалык милиция),<br><br>айыл башчылар, аксакалдар сотунун төрагалары | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Маалыматты уккандан кийин айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат, коомдук тартипти коргоого жана укук бузууларды болтурбоого багытталган тийиштүү чараларды кабыл алуу боюнча сунуштар берилет. | Жарандардын жана башка кызыктар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, жергиликтүү кеңештин сессияларына катышуусу. |
| 10. | Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу | октябрь | Күз-кыш мезгилине даярдык көрүү маселелери боюнча маалымат угуу:<br>- А/Ө башчысы (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы),<br>- тийиштүү мекемелердин жетекчилери;<br>- Ж/К туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Жылытуучу материалдарды сатып алуу жана муну каржылоо маселесин кароо жана талкуулоо. | А/Ө башчысы (же А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы), мекемелердин жетекчилери | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, ЖК сессияларына катышуусу, |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмалардын иштешин камсыз кылуу | октябрь | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу боюнча маалыматты угуу:<br>- А/Ө башчысынын (же А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы),<br>- билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин (макулдашуу боюнча);<br>- жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасынын. | А/Ө башчы (же А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы), айыл башчы, билим берүү мекемелеринин жетекчилери (макулдашуу боюнча). | Жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | | Жарандардын жана башка кызыктар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, Ж/К сессияларына катышуусу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12. | Жергиликтүү кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет беришет, шайлоочулардын суроо талаптарын аткарышат | Декабрь | Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чаралардын Планын жана графигин карап, бекитүү.<br>А/Ө башчысына, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилерине шайлоочулар менен жолугушууну графикке жана иш-чаралар планына ылайык уюштуруу, жолугушууларды өткөрүү үчүн жайларды бөлүп берүү, шайлоочуларга жолугушуу өтчү убактысын жана орду жөнүндө кабар берүү, ошондой эле депутатка шайлоо округунда отчет берүүгө көмөкчү болгон башка чараларды көрүү.<br>Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуу.<br>Шайлоочулардан түшкөн сунуштар, даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана чечимдерди талкуулоо жана кабыл алуу. | А/Ө башчысы, этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | этика, мандат боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Шайлоочулардан түшкөн сунуштарды, даттанууларды жана арыздарды эске алуу менен жергиликтүү кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чаралардына, ЖК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13. | Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү, балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу | Декабрь | А/Ө башчысынын (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы), жаштар комитетинин, төмөнкү маселелер боюнча комиссиясынын маалыматын угуу:<br>- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү,<br>- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу,<br>- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу,<br>- ААнын аймагында балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;<br>- балдар укугун бузуу учурларын аныктоо жана укугу бузулган балдарга юридикалык жардам берүү.<br>Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Социалдык маселелер боюнча комиссиянын Жобосун карап чыгуу жана бекитүү. | А/Ө башчысы (А/Ө башчысынын орун басары-жоопту катчы, соц.жана жаштар маселелери боюнча адис), социалдык маселелер боюнча комиссиянын төрагасы, жаштар комитетинин төрагалары | Социалдык маселелер боюнча жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин жергиликтүү кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | | Жарандардын жана башка кызыктар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, Ж/К сессияларына катышуусу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14. | Жергиликтүү кенештин жана туруктуу комиссиялардын иш пландарынын аткарылышы боюнча маалымат | Декабрь | 2024-жылга иш планынын аткарылышы жана иштин жыйынтыгы боюнча туруктуу комиссиялардын төрагаларынын отчетторун угуу.<br>Жергиликтүү кеңештин токтомдорунун, тескемелеринин аткарылышына анализ жасоо, аткарылган тапшырмаларды көзөмөлдөн алып салуу.<br>Ж/Ктин төрагасынын орун басарынан Ж/Ктин туруктуу комиссияларынын иши жана жылдын аягында өз милдеттерин талаптагыдай аткаруусу жөнүндө маалыматын угуу. | Ж/К төрагасынын орун басары, Ж/К туруктуу комиссиясынын төрагалары, Ж/Ктин жооптуу катчысы | Ж/Ктин төрагасынын орун басары, туруктуу комиссиялардын төрагалары, Ж/Ктин жооптуу туруктуу комиссиясы аталган маселе боюнча Ж/К сессиясында баяндама жасашат. | Ж/К туруктуу комиссиялардын отчетторун бекитүү жөнүндө А/Ктин токтомун бекитүү | |

**Жергиликтүү кенештин төрагасы:** М.Ибаков

Тиркеме №2

Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин "18" апрель 2024-жылдын № 15 токтому менен бекитилди.

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын иш планы.**

| № | Иш чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы менен бюджеттин аткарылышын талдоо жана сессияга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоо. | июль | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 2 | Сурамжылоонун жана коомдук угуулардын негизинде 2024-жылга көйгөйлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, сессияга сунуштарды даярдоо. | август | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 3 | Киреше булактарын талдоо, кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин натыйжалуу пайдалануу максатында тарифтерди өзгөртүү сунуштарын карап чыгуу. | сентябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 4 | Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана башка кызматтардын натыйжалуулугун талдоо аткарылышын иштердин натыйжалуулугуна баа берүү. | октябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 5 | Бюджеттик угууларды уюштуруу. | ноябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |

Жооптуу катчы: Н.Шабданбаева

**Тиркеме №3**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин "18" апреля 2024-жылдын № 15 токтому менен бекитилди.**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин социалдык маселер боюнча туруктуу комиссиясынын 2024 - жылга иш планы.**

| № | Иш чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жоокптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Айылдарды санитардык тазалоо,көчөлөрдү ирээтке келтирүү иштеринин жүрүшү жөнүндө | апрель | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 2 | Жаштар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жүргүзүлгөн иш чаралардын жүрүшү (наркотикалык заттар, алкогол ичимдиктери, тамеки). | Июнь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 3 | Кыш мезгилине даярдыктын жүрүшү | октябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 4 | Жугуштуу оорууларга каршы иштердин жүрүшү, жолбун ит, мышыктарды зыянсыздандыруу иштеринин журүшү | ноябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 5. | Жергиликтүү кеңешке кайрылып келген социалдык муктаж адамдардын көйгөйүн чечүү | дайыма | туруктуу комиссиясынын төрагалары |

**Жооптуу катчы:** **Н.Шабданбаева**

**Тиркеме №4**

**Барскоон айыл аймагынын**
**жергиликтүү кеңешинин**
**"18" апрель 2024-жылдын**
**№15 токтому менен бекитилди.**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жер боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын иш планы.**

| № | Иш чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин инвентаризациялоо | июль | **туруктуу комиссиясынын төрагалары** |
| 2 | Келишимдин шарттарын аткарылышына баа берүү, сунуштарды иштеп чыгуу | август | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 3 | Жайыттарды натыйжалуу пайдаланышына баа берүү, сунуштарды иштеп чыгуу | сентябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 4 | Муниципалдык менчиктеги жерлерди инвентаризациялоо, натыйжалуу пайдаланышын камсыздоо | октябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 5 | Жерлердин натыйжалуулугун камсыздоо максатында киреше алып келүүчү долбоорлоду сунуштоо. | Ноябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 6. | Жер боюнча маселелерди көзөмөлдөө | Дайыма | туруктуу комиссиясынын төрагалары |

Жооптуу катчы: Н.Шабданбаева

**Тиркеме №5**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин "18" апрель 2024-жылдын № 15 токтому менен бекитилди.**

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин жаштар маселери боюнча туруктуу комиссиясынын 2024 - жылга иш планы.**

| № | Иш чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектептерде терс көрүнүштөрдү жоюуу боюнча жаштар арасында жүргүзүлүп жаткан иштердин абалын талкуулоо жана биргелешкен иш чараларды иштеп чыгуу | июль | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 2 | Эгемендүүлүк күнүнө карата жаштар арасында жүргүзүлчү иш аракеттер | август | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 3 | Жаштар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жүргүзүлгөн иш чаралардын жүрүшү (наркотикалык заттар, алкогол ичимдиктери, тамеки). | сентябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 4 | Жаштарды китеп окууга, сергек жашоого тартуу максатында биргелешкен иш чаралардын аткарылышы | октябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 5 | Жаштарды патриоттуулука тарбиялоо максатында жүргүзүлгөн иш чаралардын абалы | ноябрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |
| 6 | Мектептерде жаштарды сергек жашоого, спортко тартууга карата жүргүзүлүп жаткан иш чаралардын абалы | декабрь | туруктуу комиссиясынын төрагалары |

**Жооптуу катчы:** **Н.Шабданбаева**